Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы

Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы

январь-декабрь

(тез аралык маалымат)

Айлык чыгарылыш

Баткен-2019

Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага -Эшмурзаев К.Т.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Эргешов М.Ы.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы.

Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2018-жылдын январь-декабрь айындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тарамдарда, кагаз түрүндө, магнитик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Мамлекеттик статистика жөнүндө Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2019-жылдын 16-январы.

Шарттуу белгилер:

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

М А З М У Н У

I	***Облустун социалдык -экономикалык абалы……***	***4***
II	***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……***	***5***
III	***Сектордук обзор……***	***6***
	Реалдуу сектор……	***6***
	Өнөр жайы……	6
	Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы……..	7
	Капиталдык салым……...	7
	Транспорт жана байланыш……..	8
	Тейлөө рыногу……..	8
	Керектөө рыногу……...	8
	Эмгек рыногу жана эмгек акы……..……	9
	Баалардын жана тарифтердин индекси……..	10
	Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси……	10
IV	***Мамлекеттик сектор……..……***	***12***
	Финансы…….	12
V	***Социалдык сектор……...***	***14***
	Турак жай курулушу…….	14
	Демографиялык жагдай…….	14
	Калктын ооруулары……	15
	Укук бузуулар……	15
	Тиркеме……..	***16***

I. ОБЛУСТУН 2018- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ДЕКАБРЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2018-жылдын январь-декабрь айында 5633225,5 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 129,8 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2018-жылдын январь-декабрь айларында 15636,1 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 104,3 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айында 3015748,9 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 108,1 пайызды түздү.

2018-жылдын январь-декабрь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 67715,0 чарчы метр болгон 594 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-декабрь айынын денгээлине салыштырмалуу 107,4 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 835671,7миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында 1259,9 миң тонна жүк ташылып, 2017-жылдын январь-декабрь айларына салыштырмалуу 101,4 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 177121,1 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,5 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2018-жылдын январь-декабрь айында 17737716,8 миң сомду түзүп, 2017-жылдын январь-декабрь айынын денгээлинен 2,5 пайызга жогорулаган.

2018-жылдын январь-декабрь айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактануунуну кошкондо) 15496827,9 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2017-жылдын январь-декабрь айына салыштырмалуу 7,0 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-декабрь айында 2240888,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда салыштырма баада 1,7 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-декабрь айларында өткөн 2017-жылдын январь-декабрь айларына салыштырганда 98,6 пайызды, ал эми 2018-жылдын декабрь айын ноябрь айына салыштырганда 99,9 пайызды түздү.

Облус боюнча 2018-жылдын январь-ноябрь айында орточо эмгек акы 11031,2 сомду түзүп, 2017-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,4 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2018-жылдын январь-декабрь айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу ичегинин өткүр инфекциясынын, инфекциялык ВИЧ, аскардиоз, бруцелез, котур, кургак учук жана эпидемикалык паротит ооруларынын төмөндөшү, ал эми бактериялуу дизентариянын, бактериялуу минингит, вирустуу гепатит, эхинококоз, гонорея, сифилис, өткүр респиративдүү ооруулардын жогорулашы менен мүнөздөлдү.

II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

	2018 ж. январь-декабрь айларында	2018ж декабрь айы 2017ж декабрь айына карата пайыз менен	2018-жылдын январь-декабрь айы 2017-жылдын январь-декабрь айларына карата пайыз менен
Экономикалык индикаторлор			
Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом	5633225,5	106,6	129,8
Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом	15636,1	91,0	104,3
Негизги капиталга инвестициялар, мин сом	3015748,9	110,8	108,1
Ишке киргизилген турак-жай, ч. м.	67715,0	76,9	107,4
Жүк ташуу көлөмү, миң тонна	1259,9	106,4	101,4
Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км	177121,1	102,2	101,5
Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом	17737716,8	103,7	102,5
Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом	15496827,9	103,7	107,0
Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом	2240888,9	108,4	101,7
Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом	11031,2[1)]	105,1[2)]	104,4[3)]

[1)] 2018ж. январь-ноябрь
[2)] 2018ж. ноябрь
[3)] 2018ж. январь-ноябрь

III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

Реалдуу сектор

Баткен облусунда ээлик кылуучу субъектилердин саны 2019-жылдын 1-январына карата 72376 бирдикти түздү, анын ичинен 5,9 пайызы юридикалык жактар, 42,9 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 51,0 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызы филиалдар жана өкүлчүлүктөр.

	Бардык катталгандары			
	Бирдик	Жыйынтыкка карата пайыз менен	Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар	Жыйынтыкка карата пайыз менен
Баткен областы	***72376***	***100***	***4248***	***100***
Баткен району	10464	14,4	521	12,3
Лейлек району	30263	42	1033	24,3
Кадамжай району	13536	18,7	1183	27,8
Баткен шаары	6124	8,4	614	14,5
Кызыл-Кыя шаары	9522	13,1	606	14,3
Сүлүктү шаары	2467	3,4	291	6,8

Катталган юридикалык жактардын саны 2019-жылдын 1-январына карата 4248 субъектини түзүп, 2017-жылга салыштырмалуу 3,5 пайызга өстү.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 15,4 пайызы мамлекеттик, 8,5 пайызы муниципиалдык, 76,1 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2019-жылдын 1-январына карата жеке ишкерлердин саны 36926, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 31016 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,5 жана 1,5 пайызга өстү.

Өнөр жайы. Облус боюнча 2018-жылдын январь-декабрь айында 5633225,5 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 129,8 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 3954619,9 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 70,2 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 915704,9 миң сомду же 16,3 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 691089,1 миң сомду же 12,3 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 71811,6 миң сомду же 1,3 пайызды түздү.

Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында ушул жылдын январь-декабрь айында 915704,9 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 139,8 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айында 385573,7 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-декабрь айына салыштырмалуу 168,0 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу Баткен району 6125,4 тоннага, ал эми Сүлүктү шаары 5319,2 тоннага, Кадамжай району 144586,9 тоннага көмүр көп казып алган.

Иштетүү өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 3954619,9 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 130,3 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 490658,9 миң сомду (көлөмдүн 12,4 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 48555,0 миң сомду (көлөмдүн 1,2 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 40298,8 миң сомду (көлөмдүн 1,0 пайызын), химия өндүрүшү 150163,6 миң сомду (көлөмдүн 3,8 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 3071704,4 миң сомду (көлөмдүн 77,7 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 49144,6 миң сомду (1,2 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 102475,3 миң сомду (2,6 пайызын) түздү.

Тамак-аш азыктарын өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси суусундуктар менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айында өткөн жылдын январь-декабрь айына салыштырмалуу 107,0 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 23,7 пайызга, эт азыктары 15,5 пайызга, эркектердин тигилүү кийимдери 8,8 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 18,4 пайызга, жаңы бышкан нан 3,3 пайызга, бут кийим тигүү 14,8 эсеге, таш көмүр өндүрүү 68,0 пайызга, тазартылган күрүч 3,1 пайызга, сымап өндүрүү 222,4 эсе, цемент өндүрүү 29,8 пайызга, килем токуу 9,6 пайызга, иштетилбеген мунайзат 10,6 пайызга, алкоголдук ичимдиктер 30,9 пайызга, бышырылган керамика кирпичи 2,2 эсеге, бышырылбаган керамика кирпичи 10,4 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 8,5 пайызга өскөн. Ал эми аялдардын тигилүү кийими 5,6 пайызга, балмуздак өндүрүү 6,3 пайызга, газды бөлүштүрүү 2,4 пайызга, кондитер азыктары 1,9 пайызга, дан эгиндеринен өндүрүлгөн ун 1,7 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 14,1 пайызга төмөндөгөн.

2018-жылдын январь-декабрь айында текстил жана тигүү өнөр жайында чыгарылган продукциянын көлөмү 48555,0 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-декабрь айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 104,2 пайызды, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 150163,6 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 97,6 эсени түздү.

Металлургия өнөр жайынын жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-декабрь айында 49144,6 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-декабрь айына салыштырганда 71,3 пайызды түздү.

Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-декабрь айында 691089,1 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 108,4 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 71811,6 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 117,2 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)



Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен



Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы. 2018-жылдын январь-декабрь айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 15636,1 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 104,3 пайызды түздү**.**

Үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында 29718,6 тонна эт, 100542,8 тонна сүт, 22350,5 миң даана жумуртка жана 690,2 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 2,1 пайызга, сүт өндүрүү 4,1 пайызга, жумуртка өндүрүү 2,5 пайызга өскөн. Ал эми жүн өндүрүү өткөн жылдын деңгээлинде болду. Райондор боюнча: эт өндүрүү Баткен районунда 1,3, Лейлек районунда 5,5, Баткен шаарында 0,5, Сүлүктү шаарында 0,2 пайызга өскөн. Ал эми Кадамжай районунда жана Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 1,6, Кадамжай районунда 3,1, Лейлек районунда 7,3, Баткен шаарында 0,6, Сүлүктү шаарында 12,0 пайызга жогорулаган, ал эми Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Баткен району 9,7 пайызга, Кадамжай району 1,2, Лейлек району 0,2, Баткен шаары 0,4, Кызыл-Кыя шаары 0,1 пайызга көп өндүрсө, ал эми Сүлүктү шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жүн өндүрүү Баткен районунда 0,8 пайызга Кадамжай районунда 0,2 пайызга, Баткен шаарында 2,3 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 4,1 пайызга, Сүлүктү шаарында 5,6 пайызга жогорулаган, ал эми Лейлек районунда өткөн жылдын дэңгээлинен 1,5 пайызга төмөндөө орун алган.

Облус боюнча 2018- жылдын 31-декабрына карата 98400,4 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 98,4 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерди өндүрүүнү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Баткен району 100,8 пайызга, Кадамжай району 97,0 пайызга, Лейлек району 97,5 пайызга, Баткен шаары 104,2 пайызга, Кызыл-Кыя шаары 99,5 пайызга аткарган. Анын ичинен буудай 22211,4 тонна же 97,6 пайызды, арпа 15173,1 тонна же 101,4 пайызды түзгөн. Картошка 38221,0 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 102,0 пайызды, жашылча 58245,3 тонна же 103,4 пайызды, мөмө-жемиш 64345,5 тонна же 115,5 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Баткен районунда 103,9 пайызга, Кадамжай районунда 103,0 пайызга, Лейлек районунда 100,5 пайызга, Баткен шаарында 88,7 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 100,6 пайызга, Сүлүктү шаарында 100,7 пайызга аткарылган. Жашылча жыйноо Баткен районунда 100,8 пайызды, Кадамжай районунда 104,7 пайызды, Лейлек районунда 99,9 пайызды, Баткен шаарында 100,3 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 108,5 жана Сүлүктү шаарында 100,3 пайызды түздү. Мөмө-жемиш өндүрүү Баткен районунда 111,5 пайызды, Кадамжай районунда 124,8 пайызды, Лейлек районунда 106,7 пайызды, Баткен шаарында 107,8 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 100,0 пайызды жана Сүлүктү шаарында 101,1 пайызды түздү.

Капиталдык салым. 2018-жылдын январь-декабрь айында 3015748,9 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2017-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 108,1 пайызга барабар болду. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары, чет өлкөлүк кредит жана республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 82,5 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)



Транспорт жана байланыш. 2018-жылдын январь-декабрь айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 1259,9 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-декабрь айына салыштырмалуу 101,4 пайызды түздү.

2018-жылдын январь-декабрь айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 8262,7 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчулөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 177121,1 миң жүргүнчү-км түздү (2017-жылдын январь-декабрь айларына салыштырмалуу 101,5 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2018-жылдын январь-декабрь айларында бардыгы жеке адамдардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

Тейлөө рыногу. Чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2018-жылдын январь-декабрь айында 17737716,8 миң сомду түзүп, 2017-жылдын январь-декабрь айынын денгээлине салыштырмалуу 2,5 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 17308811,9 миң сом болуп 2,2 пайызга жогорулаган.

Керектөө рыногу. Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айында 14521374,1 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,3 пайызга жогорулаган.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 7668650,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,7 пайызга жогорулап, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 52,8 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-декабрь айында 15496827,9 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын январь-декабрь айына салыштырмалуу 7,0 пайызга жогорулаган.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-ноябрь айында 67200,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 3,8 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-декабрь айында 6300327,9 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 0,3 пайызга жогорулаган.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (76,0 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-декабрь айында 11776088,8 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 8,5 пайызга жогорулаган.

Үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айында 2240888,9 мин сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 101,7 пайызды түздү.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



Эмгек рыногу жана эмгек акы. Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2019-жылдын 1-январына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 11983 адамды түздү, анын ичинен 8954 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 654 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2019-жылдын 1-январына карата 57 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 210 адам туура келди.

Облус боюнча 2018-жылдын январь-ноябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 11031,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2017-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,4 пайызга өскөн. Ал эми 2018-жылдын ноябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 11200,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2017-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 5,1 пайызга өскөн

Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу тоокен казуу өнөр жайы, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, курулуш, соода автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу жана дем алуу тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2018-жылдын ноябрь айында 160,5 долларды түздү.

2019-жылдын 1-январына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 14997,8 миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 97,7 пайызын Кадамжай району, 2,3 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны
(адам)



Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси. Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 102,1 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 104,2 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 99,4 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2018 жылдын декабрь айында өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу 97,8 пайызды түздү. Ал эми 2018-жылдын январь-декабрь айы өткөн жылдын январь-декабрь айына салыштырмалуу 97,5 пайызды түздү.

Бааладрдын жана тарифтердин индекси. Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-декабрь айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 98,6 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын декабрь айын ноябрь айына салыштырганда 99,9 пайызды түздү.

Ушул жылдын декабрь айында өткөн айга салыштырмалуу 1 сорттогу ун 0,3 пайызга, жумуртка 1,5 пайызга кымбаттаган. Ал эми жогорку сорт ун 0,5 пайызга төмөндөп, уйдун эти, нан, макарон азыктары, койдун эти, сүт, күн карама майы өз ордунда калган.

Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси

(өткөн айга карата пайыз менен)

	Жогорку сорт ун	1-сорт ун	Нан	Макарон азык-тары	Уйдун эти	Койдун эти	Сүт	Жумурт-ка	Күн карама майы
январь	92,9	87,2	100,0	100,0	100,0	100,7	100,0	100,2	98,3
февраль	99,5	97,8	100,0	101,8	100,0	100,0	100,0	101,2	99,0
март	98,6	99,9	100,0	100,0	99,8	100,0	100,0	95,4	99,9
апрель	100,0	100,0	100,0	100,0	99,2	100,0	100,0	99,4	100,0
май	100,0	100,0	100,0	100,0	100,0	97,6	100,0	98,2	100,0
июнь	100,0	100,0	100,0	100,0	100,9	100,7	93,0	93,1	101,1
июль	100,0	100,0	100,0	99,6	103,0	101,7	105,7	94,8	100,9
август	100,0	100,0	100,0	99,6	100,0	100,0	107,1	107,0	100,0
сентябрь	100,0	100,0	100,0	100,6	100,0	100,0	96,8	102,4	101,1
октябрь	101,2	102,4	100,0	100,2	100,0	100,0	100,0	106,4	100,8
ноябрь	100,4	101,0	100,0	100,0	97,0	100,0	100,0	105,9	100,0
декабрь	99,5	100,3	100,0	100,0	100,0	100,0	100,0	101,5	100,0

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 6,0 пайызга, картошка 5,8 пайызга, сабиз 11,4 пайызга, алма 30,0 пайызга, грек жаңгагы 7,4 пайызга кымбаттаган. Ал эми кургатылган өрүк өз ордунда калган.

Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси

(өткөн айга карата пайыз менен)

	Пияз	Картошка	Сабиз	Алма	Кургатыл-ган өрүк	Грек жаңгагы
январь	95,6	99,3	97,5	109,0	100,0	103,8
февраль	92,1	96,6	89,6	105,6	92,9	100,0
март	61,3	90,0	91,8	104,9	90,3	107,4
апрель	93,4	90,4	111,8	123,8	100,0	100,0
май	119,7	102,2	140,5	119,6	79,3	100,0
июнь	80,2	84,7	109,6	51,7	79,1	100,0
июль	112,1	69,8	85,6	70,9	93,1	96,6
август	111,2	118,5	95,1	94,1	88,9	100,0
сентябрь	100,0	116,5	96,6	90,4	100,0	100,0
октябрь	107,5	101,6	102,0	80,2	100,0	89,2
ноябрь	93,1	89,8	98,2	89,4	100,0	108,0
декабрь	106,0	105,8	111,4	130,0	100,0	107,4

Декабрь айында өткөн ноябрь айына салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарлардын баасынан кийимдер 0,1 пайызга, бут кийимдер 0,3 пайызга кымбаттаган. Ал эми турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 1,1 пайызга, катуу отун 14,4 пайызга, бензин 0,4 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 0,2 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,1 пайызга, азык түлүк эмес товарлар 1,6 пайызга төмөндөгөп. Ал эми кийим тигүү үчүн материалдар, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), фармацептика продукциясы, газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси

(пайыз менен)

	2018ж январь-декабрь 2017ж январь-декабрына карата	2018ж декабрь 2018ж ноябрына карата
Кийим	98,0	100,1
а.и.кийим тигүү үчүн материалдар	104,9	100,0
Бут кийим	102,6	100,3
Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар	96,2	98,9
Суу менен камсыз кылуу (муздак суу)	119,1	100,0
Катуу отун	88,5	85,6
Бензин	110,8	99,6
Күйүүчү-майлоочу материалдар	111,7	99,8
Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника	97,8	99,9
Фармацептика продукциясы	93,2	100,0
Газеталар жана мезгилдүү басылмалар	101,3	100,0
Азык-түлүк эмес товарлар	99,5	98,4

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын декабрь айында маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр 1,1 пайызга төмөндөгөн. Ал эми жүргүнчү транспортунун тейлөөсү, байланыш тейлөөсү, билим берүү тейлөөсү, амбулаториялык тейлөөлөр, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү, чач тарач тейлөөлөрү, укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр өз ордунда калган.

Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.

(пайыз менен)

	2018ж январь-декабрь 2017ж январь-декабрына карата	2018ж декабрь 2018ж ноябрына карата
Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү	97,4	100,0
Байланыш тейлөөсү	115,3	100,0
Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлр	99,6	98,9
Билим берүү тейлөөсү	102,4	100,0
Амбулаториялык тейлөөлөр	103,6	100,0
Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү	97,8	100,0
Чач тарач тейлөөлөр	97,8	100,0
Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр	100,0	100,0

Керектөө бааларынын индекси
(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)



Мамлекеттик сектор

<u>Финансы.</u> Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2018-жылдын январь-ноябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 941,7 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 112,5 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 1454,1 млн. сомду түзүп, 2017-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 11,4 пайызга өскөн, ал эми чыгашалар 13,8 пайызга азайган.

Облустук жергиликтүү бюджет 2018-жылдын январь-ноябрь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2018-жылдын январь-ноябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 428,7 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 8,8 пайызга өскөн.

Патенттин негизиндеги салык 10,7 айызга, соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн түшкөн салык 27,4 пайызга товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 28,0 пайызга, бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 41,4 пайызга, киреше жана пайда салыгы 4,8 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 10,1 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 4,6 пайызга, жер салыгы 0,1 пайызга жана жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 1,7 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин өскөнү байкалды. Алсак 2017-жылдын январь-ноябрь айларында жалпы кирешенин 18,2 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2018-жылдын январь-ноябрь айларында 21,4 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 57,5 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 33,0 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 7,0 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2018-жылдын январь-ноябрь айларында 691,8 млн. сомду түзүп, 2017-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 16,4 пайызга өскөн. Чыгашалардын 41,7 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 44,6 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 27,6 пайызы билим берүү тармагына (190,9 млн. сом) жумшалган.

Социалдык сектор

Турак жай. 2018-жылдын январь-декабрь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 67715,0 чарчы метр болгон 594 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-декабрь айынын денгээлине салыштырмалуу 107,4 пайызды түздү.

Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 835671,7 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

Демографиялык жагдай. 2018-жылдын январь-ноябрь айында Баткен облусу боюнча 13363 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1016 балага көп), же калктын 1000 не 28,3 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 2131 адам өлгөн (2017-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 33 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 4,5 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 11232 адамды, же 1000 кишиге 23,8 түздү.

2018-жылдын январь-ноябрь айында 161 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 10,0 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 16 балага аз.



Калктын ооруулары. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиолимит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2018-жылдын январь-декабрь айларында облуста гепатит оорусу менен 1238 адам ооруп, өткөн жылга карата 25 оорулууга, анын ичинен гепатит В оорусу менен 17 оорулуу катталып, өткөн жылдын деңгээлинен 4 оорулууга, бактериалдык дизентерия 10 оорулууга өскөн.

Паразитардык оорулардын саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу гонорея 7, сифилис 9 жана жаныбарлардын тиштеп алуусу 274 оорулууга көбөйгөн. Ал эми бруцеллез 18ге, котур ооруусу 5ке, педикулез ооруусу 1ге, ВИЧ инфекциясы 5ке азайган.

Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар менен 23206 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4151 оорулууга көбөйгөн, ал эми кургак учук менен ооруган 338 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 31 оорулууга азайган. Өткөн жылга карата кургак учук Кызыл-Кыя шаарында 2, Баткен районунда 15, Лейлек районунда -7, Сүлүктү шаарында-7 оорулууга төмөндөгөн. Ал эми Кадамжай районунда өткөн жылдын денгээлинде калган.

Укук бузуулар. Облустук ички иштер башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2018-жылдын январь-ноябрь айында облус боюнча 1041 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 284 кылмышка көбөйгөн. Анын ичинен; Баткен районунда 5ке, Лейлек районунда 41ге, Кадамжай районунда 89га, Кызыл-Кыя шаарында 76га, Сүлүктү шаарында 39га, Баткен шарында 34кө көбөйгөн.

2018-жылдын январь-ноябрь айында зөөкүрлүк боюнча 124, адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо боюнча 12, карасанатайлык менен денеге оор залакат келтирүү 16, уурулук боюнча 177, алдамчылык боюнча 67, талоончулук боюнча 24, каракчылык боюнча 2, бангизаттарга байланыштуу 19, жалпы кылмыштын ичинен кызматтык кылмыштар 57, экономика тармагында 164 кылмыш, 19 жол-транспорт кырсыктары катталган. 2018-жылдын январь-ноябрь айында 1045 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 431 адамга көп.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-122, эч жерде иштебеген жана окубагандар-625, мектеп окуучулары-73, кызматкерлер-125, жумушчулар-38, жеке ишкерлер-29, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары -11 түзөт.

Облмамстатистика башкармалыгынын жетекчиси: ***К. Эшмурзаев***

		бети
	Реалдуу сектор	
1	Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү…….	17
2	Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү…….....…….....	18
3	Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү…….....…….....	18
4	Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү……. …….	19
	Айыл чарбасы	
5	Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү…….…….	20
6	Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..……..	20
7	Аймактар боюнча түшүм жыйноонун жүрүшү жүрүшү жөнүндө маалымат.....	21
	Капиталдык курулуш	
8	Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү	22
9	Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү…….……..	22
10	Подрядтык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы	28
11	Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык иштердин көлөмү…….	28
12	Турак жай курулушунун аткарылышы.....…….....…….....	29
13	Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши …….……	29
	Транспорт	
14	Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү……..…….	30
15	Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү …	30
	Соода жана тейлөө	
	Тейлөө рыногу	
16	Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……..	31
17	Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..…….....	31
18	Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү…….……	32
19	Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү…….	32
20	Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо....	33
21	Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо	33
22	Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча).....	34
23	Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү	34
24	Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча)	35
25	Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……..	35
26	Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……..	35
	Эмгек жана эмгек акы	
27	Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары……	36
28	Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары……	37
29	Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары……	37
30	Калкты иш менен камсыз кылуу……..	38
31	Официалдуу катталган жумушсуздардын саны…….……	38
32	Жаңы жумуш орундарын түзүү.....	38
	Финансы	
33	Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……	39
34	Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……	39
35	Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……	40
36	Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……	40
	Социалдык сектор	
37	Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү……..……..	41
38	Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы……	41
39	Жаш балдардын өлүмү……	
40	Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы……. …..…….	42
41	Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны…….……	42
42	Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы……..……	42
43	Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны……	43
44	Катталган кылмыштардын саны…….	43
45	Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар……..	43
46	Кесиби боюнча кылмыш кылгандар…….	43

Реалдык сектор

Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-декабрь

(миң сом)

	2017	2018	Физикалык көлөмдүн индекси
Бардыгы	***4763439,5***	***5633225,5***	***130,0***
I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы	***705656,9***	***915704,9***	***139,8***
1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү	494475,3	689480,9	168,0
2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү	201979,3	217508,6	110,6
3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары	9202,3	8715,4	106,6
II. Иштетүү өнөр жайы	***3335316,5***	***3954619,9***	***130,5***
1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо	471592,1	490658,9	107,0
-тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо	471592,1	487840,6	101,5
-тамеки өндүрүү	-	2818,3	-
2. Текстил жана тигүү өндүрүшү	49567,1	48555,0	104,2
-текстил өндүрүшү	495,2	2986,5	116,3
-кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо	48722,1	44013,7	114,7
-.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү	349,8	1554,8	114,7
3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү	33420,8	40298,8	114,3
-жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги	32705,8	39677,8	114,4
- басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү	715,0	621,0	50,6
4. Химия өндүрүшү	6002,4	150163,6	97,6эсе
5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү	2637628,1	3071704,4	129,7
6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү	44561,2	49144,6	109,5
7. Электр жабдууларды өндүрүү	4628,8	1619,3	21,9
8. Өнөр жайдын башка түрлөрү	87916,0	102475,3	109,4
III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү	***663005,0***	***691089,1***	***108,4***
1V. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.	***59461,1***	***71811,6***	***117,2***

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү
январь-декабрь (миң сом)

	2017	2018	Физикалык көлөмдүн индекси	
			отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата	отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата
Область боюнча:	***4763439,5***	***5633225,5***	***108,4***	***130,0***
Электр энергиясыз райондор:	4115047,8	4956351,7	109,1	131,8
Баткен	131730,0	132873,0	100,3	118,9
Кадамжай	340460,2	753125,9	201,3	103,0
Лейлек	374983,6	398564,7	91,9	104,7
шаарлар:				
Баткен	706155,0	740059,4	103,6	107,6
Электр энергиясыз	57763,3	63185,6	100,5	104,0
Кызыл-Кыя	2713903,5	3125272,1	78,5	125,4
Сүлүктү	496207,2	483330,4	106,5	103,6

Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

	Өлчөө бирдиги	2017	2018	2018ж. январь-декабрь айы 2017ж. январь-декабрь айына карата % менен
		январь-декабрь		
Таш көмүр	тонна	229542,2	385573,7	168,0
Бышырылган керамика кирпичи	миң даана	2917,5	6252,5	2,2эсе
Бут кийим	жуп	975,0	14418,0	14,8 эсе
Эт жана эт азыктары	тонна	643,3	742,8	115,5
Бышырылбаган керамика кирпичи	миң даана	599,0	661,2	110,4
Дан эгиндеринен тартылган ун	тонна	4020,1	3953,3	98,3
Өсүмдүк майлары	тонна	173,7	149,2	85,9
Жаңы бышкан нан	тонна	8989,1	9282,8	103,3
Үй-эмеректери	миң сом	60697,4	75103,8	123,7
Сурьма металы кошулма	%	-	-	-
Сымап	%			222,4 эсе
Топтолгон жана тазаланган суу	миң $м^3$	3835,8	4542,4	118,4
Тазартылган күрүч	тонна	940,2	969,1	103,1
Кондитер азыктары	тонна	579,1	567,9	98,1
Килемдер	даана	541,0	593,0	109,6
Алкоголдук ичимдиктер	миң литр	320,3	419,3	130,9
Балмуздак	тонна	108,8	101,9	93,7
Цемент	миң тонна	597,0	774,8	129,8
Эркектердин тигилүү кийимдери	даана	24556,0	26705,0	108,8
Аялдардын тигилүү кийимдери	даана	28871,0	27264,0	94,4
Иштетилбеген мунайзат	миң тонна	10,4	11,5	110,6
Газды бөлүштүрүү	миң сом	4438,0	4331,7	97,6
Электр энергиясын бөлүштүрүү	миң сом	266082,7	288617,9	108,5

Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү
январь-декабрь

	2017	2018	2018 % менен 2017	2017	2018	2018 % менен 2017	2017	2018	2018 % менен 2017
	Таш көмүр, тонна			***Бышырылган кирпич, миң даана***			***Эт жана эт азыктары, тонна***		
Облус боюнча:	***229542,2***	***385573,7***	***168,0***	***2917,5***	***6252,5***	***2,2эсе***	***643,3***	***742,8***	***115,5***
райондор:									
Баткен	4336,6	10462,0	2,4эсе	-	1310,0	-	-	45,0	-
Кадамжай	4152,0	148738,9	35,8эсе	1904,3	3862,4	2,0 эсе	-	-	-
Лейлек	-	-	-	955,0	956,4	100,1	-	-	-
шаарлар:									
Баткен	-	-	-	-	-	-	-	120,0	-
Кызыл-Кыя	-	-	-	-	-	-	643,3	577,8	89,8
Сүлүктү	221053,6	226372,8	102,4	58,2	423,7	7,3 эсе	-	-	-

	Жаңы бышкан нан, тонна			***Бышырылбаган кирпич, миң даана***		
Облус боюнча:	***8989,1***	***9282,8***	***103,3***	***599,0***	***661,2***	***110,4***
райондор:						
Баткен	639,1	641,6	100,4	-	-	-
Кадамжай	3428,2	3558,1	103,8	100,0	661,2	6,6 эсе
Лейлек	838,4	864,1	103,1	-	-	-
шаарлар:						
Баткен	715,2	718,0	100,4	-	-	-
Кызыл-Кыя	2878,7	2901,0	100,8	499,0	-	-
Сүлүктү	489,5	600,0	122,6	-	-	-

